**УДК: 159.92**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-25-31**

**Мурзаев М.С.**
психология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## ТӨКМӨЛӨРДҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация:** макалада төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрү каралат. Алардын сезимдери жана идеялары башка адамдардын сезимдеринен жана идеяларынан айырмаланат. Төкмөлөрдүн кабылдоосу өзгөчө болгондуктан, алар абдан сезимтал жана баамчыл болушат. Ушундан улам алар адамдар сезбегенди сезишет, эл кабыл албаганды кабыл алышат жана адамдар сезбегенди сезишет. Айрыкча, кабыл алуучулук өзгөчөлүгү бар. Акындардын кабылдоосунда өзүнчө аң-сезимдүүлүк, терендик, ойчулдук касиеттер бар.

Төкмөлөрдүн кабыл алуусу бүт жан дили менен атаандашынын сөзүнө көңүл буруп, аны үзүк-үзүк эмес, өзүндөгү жаралып жаткан ойлор менен ж.б.у.с. жалпы биримдикте кабыл алуунун ишке ашышы менен өзгөчөлөнөт.

**Негизги сөздөр:** төкмөлөр, акындар, атаандаштык, жаралуу, оозеки чыгармачылык, кабыл алуучулук, өзгөчөлүк, мааниси, кыргыз элинин маданияты, философтор, педагогдор, коом, диалектика, эмпатия.

**Мурзаев М.С.**
кандидат психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
mamatali54@mail.ru

## ПСИХОЛОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА АКЫНОВ-ИМПРОВИЗАТОРОВ

**Аннотация:** в статье рассматриваются психологические особенности акынов-импровизаторов. Их чувства и идеи отличаются от чувств и идей других людей. Благодаря своему уникальному восприятию, они очень чувствительны и проницательны. Из-за этого они чувствуют то, чего не чувствуют обычные люди, воспринимают то, чего не воспринимают окружающие. В частности, имеется особенность восприимчивости. Восприятие поэтов имеет свою осознанность, глубину и продуманность.

Прием бросков заключается в том, чтобы всем сердцем внимать словам противника, не перебивать его, а своими мыслями и т. д. Его отличает осознание принятия в общем единстве.

**Ключевые слова:** поэзия, поэты, конкуренция, творчество, словесное творчество, восприимчивость, неповторимость, смысл, культура кыргызского народа, философы, педагоги, общество, диалектика, сопереживание.

**Murzaev M.S.**
Candidate of Psychological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

Bishkek c.
mamatali54@mail.ru

## PSYCHOLOGICAL CHARACTERISTICS OF AKYNS-IMPROVISERS

**Annotation:** the article discusses the psychological characteristics of spills. Their feelings and ideas are different from other people's feelings and ideas. Due to their unique perception of sheds, they are very sensitive and perceptive. Because of this, they feel things that people don't feel, perceive things that people don't feel, and feel things that people don't feel. In particular, there is a feature of receptivity. The perception of poets has its own awareness, depth and thoughtfulness.

The technique of throwing is to listen to the opponent's words with all your heart, not to interrupt him, but with your thoughts, etc. It is distinguished by the awareness of acceptance in general unity.

**Key words:** poetry, poets, competition, creativity, verbal creativity, sensitivity, uniqueness, meaning, culture of the Kyrgyz people, philosophers, teachers, society, dialectics, empathy.

Төкмө акындар кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жаратуучулар, улуттук маданиятты алып жүрүүчүлөр, сактоочулар жана кийинки муундарга жеткирүүчүлөр [2, 17-б.] катары кыргыз элинин маданиятын бүгүнкү күнгө жеткирип олтурат. Алар коомдогу ар бир окуяны көзгө сая көргөзүп жакшы сапаттарды даңазалап, жаман сапаттарды сынга алып, элди ойлондурган, өнүгүүгө багыттаган философтор, педагогдор ж.б. Алсак, Барпы акындын “Ала Тоо көркkө келбейт ...” аттуу ыры өзүнүн маанисинин тереңдиги, камтылган ойлордун кендиги менен айырмаланып, акындын бүт акыл-эс, интеллект жана жан дүйнөсүнүн (рухунун) дарамет күчүн көрсөтүп турат. Ошондой эле аталган ырда жашоо диалектикалык маани-мазмунда түшүндүрүлүп, дүйнө детерминизм принцибинде кабыл алынгандыгы, түшүнүлгөндүгү көзгө даана урунат.

Төкмөлөр табигый таланты, турмушту андап билүүсүнүн терендиги, ой жүгүртүү өзгөчөлүгү, эстетикалык табитинин бийиктиги, сөз байлыгынын молдугу жана кендиги, рухий толкунданууcунун бийиктиги менен жөн кишилерден, бири-биринен айырмаланышат жана ошого жараша ар түрдүү денгээлдеги чыгармаларды жаратышат.

Төкмөлөр табигый шык-жөндөмү менен башкалардан айырмаланып гана, өтө татаал өнөрдү аркалашат. Төкмөлүк өнөрдү аркалагандар өзүнүн жаштарды тарбиялоо тажрыйбаларын ж.б. жаратышкан.

Төкмөлүк өнөр ырчыдан белгилүү психологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болууну талап кылат.

Биз макалада төкмөлөрдүн психологиясынын өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракеттенебиз.

Төкмөлөрдүн **сезип-туюсу** жана **кабыл алуусу** жөн адамдардан сезип-туюусунан жана кабыл алуусунан айырмаланат. Алардын кабыл алуусу өзгөчөлүктөргө ээ болгондон, сезип-туюусу боюнча өтө сезгич келип, баамчыл болушат. Ошондон алар эл сезбегенди сезет, эл кабыл ала албаганды кабыл алат жана эл туйбаганды туят. Айрыкча төкмөлөрдүн **кабыл алуусу** өзгөчөлүккө ээ. Төкмө акындардын кабылдоосу баамчылдыгы, тереңдиги жана ойлонулган болушу менен өз өзгөчөлүктөрүнө ээ.

Биздин пикирибизче, төкмөлөрдүн **кабыл алуусу** бүт жан дили менен атаандашынын сөзүнө көңүл буруп, аны үзүк-үзүк эмес, өзүндөгү жаралып жаткан ойлор менен ж.б.у.с. жалпы биримдикте кабыл алуунун ишке ашышы менен өзгөчөлөнөт.

Кабыл алуунун ойлонулган болушу төкмөлөрдө өтө ачык көрүнөт жана бул сапат аларда өтө күчтүү өнүккөн. Ошондон төкмө кабыл алып жатып ойлонот жана ал жөнүндө акыл калчап, анан гана аны эстеп калат [2, 18-б.]. Мына ошондон гана төкмөлөр айтышып жаткан акындын ар бир сөзүн толук эстеп кала алат жана аларды унутпай, анын үстүнөн ойлонуп ага жооп берет.

Жогоруда айтылгандардан сырткары, төкмөлөрдүн **кабыл алуусу** төмөнкүдөй психологиялык өзгөчөлүк менен өзгөчөлөнүп турат.

***Төкмө акындардын кабыл алуусунун биринчи психологиялык өзгөчөлүгү эмпатия менен байланыштуу болуп, аларда*** **эмпатия** жана эмпатиялуу түшүнүүнүн ишке ашышына негиз болгон **эмпатиялык кабыл алуунун** өтө күчтүү өнүккөндүгү саналат.

Төкмөнүн эмпатиясы  жана эмпатиялык кабыл алуусу дегенде  бүт акыл-эсин, көңүлүн (жүрөгүн), эмоция-сезимдерин айтышып жаткана акындын сөзүнө буруп, аны толук, так, бүт бойдон (эч бир элементин көз жаздымында калтырбай)  кабылдоосун, аны түшүнүүсүн, ага жооп берүүсүн түшүнөбүз [1, 21-б.]. Төкмө акындарда эмпатиялуу кабыл алуу өтө күчтүү өнүккөндөн бири-биринин  жан дүйнөсүн айттырбай түшүнө алышат. Айрыкча айтыш убагында атаандашынын бүт өзгөчөлүктөрүн: айтып жаткан сөздөрүн толук, так, бүт бойдон (эч бир элементин көз жаздымында калтырбай)  кабылдоону ишке ашырып, андан ары аларды түшүнүүгө, аларга жооп даярдоого негиз болуусу ж.б. ишке ашат.

***ЭС (память) – адамдын башынан өткөргөн турмуш тажрыйбаларын, үйрөнгөн маалыматтарын, билгичтиктерин, машыгууларын белгилүү убакыт өткөндөн кийин баш мээде чагылдырып, аларды кайрадан өз турмушунда,  ишмердүүлүгүндө колдонуусу [3.164 б.].***

***Эс адамдын өткөн турмушу менен бүгүнкү жана келечек турмушун байланыштырып, адамды бир бүтүндүкө айлантып туруучу процесс.***

Төкмөлөрдүн **эси** өз өзгөчөлүктөрүнө ээ. Конкреттүү түрдө төкмөлөрдүн эсте сактоосун – эсте калтырылган маалыматтын, нерсенин образынын, касиетинин белгилүү убакытка чейин унутулбай баш мээде сакталышы өз өзгөчөлүктөрүнө ээ.

Төкмөлөрдүн **эси** таасир этип жаткан бүт нерселердин баарын ксерокопиялагандай элестүү сүрөткө тартып эстеп калуу өзгөчөлүгү менен шартталат.

Төкмөлөр табиятынан куйма кулак болушуп, э***сте сактоонун өзгөчө түрү болгон эйдетикалык, тагырагы төкмөлүк, эске ээ болушат.***

***Эми эйдетикалык эсти кененирээк чечмелей кетели.***

***Эйдетикалык эс – адамдын көргөндү көргөндөй, укканды уккандай эч нерсесин калтырбай эстеп калуу жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Мындай эске ээ болгон киши көзүнө көрүнгөн нерсени эч бир элементин унутпай, аны сүрөткө тартып алгандай (ксереокопиялап алгандай) аң сезиминде (баш мээсинде) эстеп кала алат [4, 253-б.].***

***Ушул жерде*** эйдетикалык эстин бир формасы катары **төкмөлүк эс** деген өзүнчө түшүнүк, кубулуш бар экендигин моюндоо туура болот. Б.а., төкмөлүк эсти эйдетикалык эстин бир формасы катары кароо туура болот.

***Төкмөлүк эс э***йдетикалык эс сыяктуу эле  таасир эткен дүүлүктүргүчтөрдү сүрөткө тартып алгандай (баарын эсте сактап калган) эс болуу менен бирге ойлоо менен чыгармачылыктын жуурулушунан жаралгандыгы менен айырмаланып, өз ичине эстеп калуу,

аны чыгармачылык менен өзгөртүп, жаралган ой-пикирлерин ж.б. оперативдүү түрдө элге жарыялоо болуп саналат. Б.а. төкмөлүк эс – айтышып жаткан акындын сөздөрүн, кыймыл-аракеттерин толук эстеп калуу жана аны өз ой-пикири менен байытуу жөндөмдүүлүгү. ***Сөзүбүзгө далил катары залкар акын Замирбек Үсөнбаев филармонияга ишке келген (1968-жылы, 18 жашында) биринчи күндөн тартып бүгүнкү күнгө чейинки акындардын арасындагы ырдалган ырларды, залкарлардын айтышын жана айтыштын жүрүшүн, залкарлардын айткан керемет сөздөрүн, айтып берген окуяларын, алар менен чогуу жүргөндөгү болгон окуяларды төкпөй-чачпай өтө элестүү кылып бизге концерттерде, телеберүүлөрдө ж.б. баяндап берип жүрөт. Аларда окуянын азыр болуп жаткандай элестүүлүгү, эмоция-сезимдерге жыштыгы, окуялардын деталдарга байлыгы ж.б. укмуш. Бул төкмө акындын – Замирбек Үсөнбаевдин төкмөлүк эсинин керемети, натыйжасы.***

Төкмөлөр ойлоо өзгөчөлүгүнө ээ.

Психология илиминде жалпы эле адамдын ойлому айлана-чөйрсүндөгү нерселердин жана кубулуштардын касиеттерин чагылдыруу менен бирге эле алардын бири-бири менен болгон ачык же жабык (көзгө көрүнбөгөн,жашыруун) байланыштарын, карым-катышын, мамилесин жалпылаштырып, кыйыр түрдө чагылдырарын билдирет.

Ойломдо сезүү, кабыл алуу аркылуу алынган маалыматтарды ойлоо процесстеринде (анализ, синтез ж.б.) иштеп чыгат. Төкмөлөрдүн **ойлоосу** да ошол алгоритмде ишке ашат.

Төкмөлөр ой жүгүртүүдө биринин артынан экинчи ой келсин үчүн даяр стандарт уйкаштыктарды, сөз айкаштарды, сүйлөмдөрдү пайдаланат.

Биздин пикирибизче, акындардын стандарт ойломдору даяр сүйлөмдөрдөн, сөз айкаштарынан жана сөздөрдөн турат. Стандарт ойлом үлгүлөрү дегенде такай колдонулуучу ойлом туумдары – стандарт сүйлөмдөр, сөздөр, сөз айкаштары “саламдашып алайын”, “турбайбы” ж.б.

Төкмөлөрдүн стандарт ойлому 100-150 туруктуу сөз айкаштары, уйкаштыктары, сүйлөмдөрү менен ишке ашат. М: саламдашып алайын, элим аманбы? Ж.б. Алсак, мал баккан ..., кен казган..., пахтачы...., дыйкан...., жетекчи...., эл баккан жигит аманбы?

Төкмөлүк ишмердик ойлоонун негизинде ишке ашат жана айтыш учурундагы ойлоо этаптары төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат:

1.Төкмөнүн алдында проблеманын пайда болушу. Атаандаш акындын айткан сөздөрү (мактоосу, каралоосу, юмору, пикир айтуусу ж.б.) проблема катары берки төкмөнү ойлонууга түртөт.

2. Атаандашынын сөздөрүнө эмне деп жооп берүүнүн варианттарын ойлоо.

3. Чыгармачылык ойлом менен жаны ойду, көз караштı жаратуу.

4. Эргүүгө кирүү.

5. Атаандаш төкмөгө жооп берүү.

6. Анын сөзүнө атаандашы эмне деп жооп берерин күтүү жана атаандаш акындын сөздөрүнө жооп даярдап олтуруу, жаңы проблеманын пайда болушу.

Жогоруда айтылгандарга мисал катары Токтогулдун 150 жылдык маарекесинде чоң талант Элмирбек Иманалиевдин казак акыны Балгынбек Имаш менен айтышынан үзүндү келтирели.

Жалпысынан айтышты Балгынбек Имаш баштап, салт боюнча Эл менен, Элмирбек менен саламдашып, айтыш темасы Токтогулга токтолуп, анын Жамбыл менен чыгармачылык байланышына токтолуу аркылуу кыргыз-казак мамилесинин тарыхы жана

достугу, анын салтын жана бүгүнкү күндөгү мамиле өзгөчөлүктөрүн, азыркы келген максатын жана Элмирбекке мамилесин ж.б. жөнүндө ырдап бүткөндөн кийин, кезек Элмирбекке келет.

Айтыштан үзүндүлөр келтирели.

**Эльмирбек**:
Эмкилер жолун жолдосо,
Эртегилердин адатын.
Казагым көздүн карасы,
Кайкысам чалгым канатым
Мен тоо болсом,
Сен талаа.
Мен бишкек болсом,
Сен сааба.
Мен тегирмен,
Сен пара" – деген саптарда турмуш-тиричиликте бири-бири менен ажырагыс байланышта болгон нерселерге салыштырып, казак-кыргыз элдеринин көп кылымдар бою ажырагыс байланышта экендигин, өз ара туугандык карым-катыштын жакындыгын таасын чагылдырган.
Ой, Мен ата болсом,
Сен бала.
Мен ат болсом,

Сен чана – деген ажырагыс мамиледеги буюмдардын биримдигин чагылдырган саптар менен казак-кыргыз элдеринин ажырагыс байланышта экендигин, туугандык карым-катыштын өтө жакындыгын, ажырагыстыгын таасын чагылдырган жана алардын ынтымакчылыгын бекемдөө ниетин баса белгилеген.

...Эми азыркы менен андагы
Асман менен жер экен.
Бир кезде periштедей казактын
пейилдери кең экен.
Аты жок келген Токомо
Ат жакшысын мингизип,
Тону бозгон Токомо
Тон мыктысын кийгизип,
Болжолдуу жерден жеткизип,
Боордоштугун билгизип
Ай, билбейм
Азыркы кез болгондо
Кустанайдан кармашмак,
Кууратып шорун кайнатмак.
Куур тонун сыйрып жонунан
Кууратып кайра айдашмак
Кууратып жанын кыйнамак
Семейден кармап алышмак
Сел кылып жашын агызмак.
Кыйытпай жанга будалап

Кайра кызыл жарга кубалап.
Анан калын жоону чапкансып,
Каткырып турмак ураалап.

**Балгынбек:**

Мурунку казактарды мактап калды.
Азыркы казактарды даттап калды
Кыргыздарга казактын көңүлү адал
Азыркы кыргыздарды сыйлайбыз биз
Эркелеп кыргыздарга келер белем
Бишкекте кучак ачкан төр болбосо [6].

Айтышты талдоого алсак, айтышты баштаган Балгынбек Имаш үч темада ырдап, алгач кыргыз тарыхы, залкарлардын эмгегин, элге кылган кызматын санап, аларга өтө жогору баа берип, кыргыздын улуулугун даназалап, айтыш темасына токтолуп, ага басым жасап, ырчылык өнөрдүн өнүгүшүндөгү Токтолгулдун ролуна токтолду.

Экинчи тема кыргыз-казак байланышы, орустардын эки элди кайраштырышы, ошондой шартта Токтогул менен Жамбылдын достугу эки элди ынтымакка алып келгендигин айтып өттү.

Үчүнчү тема Элмирбек менен саламдашуу болуп, анда өзүнүн ага мамилесин, Элмирбектин казак элинде кадыры чон экендигин айтып өтүп кезекти Элмирбекке узатат.

Элмирбек Балгынбек Имаш айткан ойлорду талдап, кыргыз-казак мамилеси жөнүндөгү ойлорду андан ары улантып, эки элдин ынтымакчылыгын канткенде дагы да чындоо болору боюнча сунуштар айтат.

Айтышта акындардын интеллектуалдык өнүгүүсү атаандашы койгон суроолорго, көтөргөн маселелерге жооп берүү аркылуу ишке ашат.

Жыйынтыктап айтканда, төкмө акындардын ойлоосундагы эң негизги өзгөчөлүк болуп, дүйнөнү жүрөгү менен кабыл алып, айтылган сөздөрдү, ойлорду эмоция-сезимдеринин жуурулушунда эстеп калып, эйдетикалык эс тутумга жакын болгон төкмөлүк эсти пайдалангандыгы саналат.

Жогоруда айтылгандарга негизденип төкмө акындардын чыгармачылык ишмердигин талдоого алсак, төкмөлүк өнөргө ээ болуу акындардын бири-биринен акыл аракеттерди үйрөнүү аркылуу жүрөрү, салтка айланган акыл аракеттерди үйрөнүү аркылуу төкмө акын жаралары белгилүү болот. Бул шакирт түшүп, өнөрдүн сырларын үйрөнүп, устаттарды туурап ээ болгон акыл-аракеттер жана чыгармачылык менен жасалган аракеттер жаңы төкмөнү жаратары белгилүү болот. Жаш төкмө айтыш учурунда чыгармачылыгы артып, өнөрү такшалып, бара-бара бүт акындык талант дарамети толук көрүнө баштайт.

Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн тагыраак ачып берүү үчүн төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөбүз:

1. Төкмөлөрдүн таануу процестеринин өзгөчөлүктөрү.

Алардын көңүл буруусунун өтө бир жерге топтолушу жана өтө туруктуулугу, сезип-туюусунун, кабыл алуусунун өтө терендиги, эмпатиялык кабыл алуу, куйма кулактык, эйдетикалык эс төкмөлүк өнөрдүн негизги шарты, төкмөлөрдүн ойломунун өзгөчөлүгүнүн негизи болуп саналат.

2. ***Төкмө акындардын (жана манасычылардын, чечендердин, (айрым учурларда санжырачылардын) ж.б.) эң негизги өзгөчөлүгү – жүрөгү менен дүйнөнү кабыл алуусу, түшүнүүсү, эстеп калуусу, ойлонуусу ж.б. болуп саналат.***

Төкмөлөр сезүү органдары менен жана акыл-эси менен дүйнөнү таанып билбестен, жүрөгү менен да дүйнөнү кабыл алат, дүйнөнү таанып билет, ошондон эл көрбөгөндү көрүп, эл туйбаганды туят.

***3. Төкмөлөрдүн эси жөнүндө сөз кылганда, кыргыз элинин куйма кулак деген түшүнүк бар. Төкмөлөр биринчи кезекте куйма кулак болуп, укканын уккандай эстеп калууга жөндөмдүү болушкан.***

***Төкмөлөр куйма кулактыгынан гана айтышып жаткан төкмөнүн ар бир сөзүн эстеп калып, ага жооп берип, айтышта өз өнөрүн көрсөтөт. Ошондон төкмөлөр айтыш өнөрүн философиялык ой толгоолорду баяндаган чон өнөргө чейин өнүктүрүп жеткиришкен.***

4. Төкмө акындардын ойлоосундагы эң негизги өзгөчөлүк болуп, айтылган сөздөрдү, ойлорду эмоция-сезимдеринин жуурулушунда эстеп калып, эйдетикалык эс тутумга жакын, окшош болгон **төкмөлүк эсти** пайдалангандыгы саналат.

## Жыйынтык

Төкмө акындар кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жаратуучулар, сактоочулар жана жаш муундарга жеткирип берүүчүлөр катары кыргыз элинин менталитетин калыптандыруучулар да болуп саналат.

Төкмөлөрдүн таанып-билүүсү өз өзгөчөлүктөрүнө ээ.

Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоодо ишмердиктин натыйжаларын изилдөө методун колдонуу зарыл. Ал метод төкмө акындардын таанып-билүү (көңүл буруусу, сезип-туюусу, кабылдоосу-сезүү органдары (кулак, көз ж.б.) тубаса өзгөчөлүктөргө ээ болорун) жана төкмөлүк ишмердиктин өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Төкмөлөргө эмпатиялык кабыл алуу, эйдетикалык эс жана куйма кулактык мүнөздүү. Ошондон алар өтө көп маалыматты эстеп калууга жана көп маалымат алкагында ойлонууга, акыл калчоого ээ болуп, төкмөнүн ойлом масштабынын кен болушун шарттайт.

Төкмөлөрдүн таанып-билүү өзгөчөлүктөрүнө анын жүрөгү менен кабыл алуусун, таанып-билүүсүн, эсинин өзгөчөлүгнү- эйдетикалык эс тутумга окшош болгон төкмөлүк эске ээ болгондугун кошууга болот.

Төкмөлүк өнөр төкмөлүк эсти калыптандырат жана төкмө акын төкмөлүк эс аркылуу өз өнөрүн аркалап келет.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Мурзаев М.С., Закиров А. Этнопсихология. – Ош 2015 – 263 б.
2. Мурзаев М.С. Кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу (социологиялык талдоо). Монография. – Бишкек: 2017 – 200 б.
3. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү
/ Түзгөн: Мурзаев М.С. – Бишкек: 2016. – 176 б.
4. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. Толукталып, ондолуп 2-жолу б.ч. – Бишкек: 2022 – 264 б.
5. Психология: словарь под ред. А.В. Петровского, М.Г. Ярошевского. М., 1990 – С.494.
6. Электрондук ресурс.

**Рецензент: доктор педагогических наук, профессор Бабаев Д.**

**кандидат психологических наук, доцент Кожогелдиева К.М**